**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**МАТЕМАТИКА, ФИЗИКА, ТЕХНИКА ЖАНА ИНФОРМАЦИАЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ**

**АЛГЕБРА ЖАНА ГЕОМЕТРИЯ КАФЕДРАСЫ**

Кафедранын №1 чогулушунда
талкууланды
кафедра башчысы, доцент

_______________ Борбоева Г.М.

"__" ____________ 2024-жыл

«Бекитемин»
институттун директору
доцент

_______________ Алимов Б.А.

«__» ____________ 2024-жыл

# АЛГЕБРА ЖАНА ГЕОМЕТРИЯ КАФЕДРАСЫНЫН СТРАТЕГИЯЛЫК ӨНҮГҮҮ ПЛАНЫ

**(2024 – 2029 жж.)**



**Ош – 2024**

Мазмуну:

1. Түшүндүрмө кат ....3
2. Кафедранын миссиясы, максаттары, милдеттери жана өнүгүү принциптери ....3
3. Кафедранын стратегиялык өнүгүү планы ....4
3.1. Окуу-методикалык иштер ....4
3.2. Илимий изилдөө иштери ....7
3.3. Тарбиялык иштер ....8
3.4. Коомдук иштер ....9
3.5. Кафедра мүчөлөрүнүн квалификациясын жогорулатуу ....9
3.6. Окуу процессиндеги, билим берүүдөгү инновациялар ....9
3.7. Материалдык-техникалык базаны чыңдоо ....10

**1. Түшүндүрмө кат**

Кафедраны өнүктүрүүнүн стратегиялык планы кафедранын жашоо-турмушунун бардык базалык тармактарына инновациялык принциптерди киргизүүдөн коомдук маанилүү натыйжаны камсыз кылууга багытталган. Стратегиялык план өнүгүүнүн миссиясын, максатын, артыкчылыктуу багыттарын, кафедранын ишмердүүлүк чөйрөсү боюнча стратегиялык милдеттерин ачып берет, кафедра мүчөлөрүнүн жеке өнүгүү пландарын иштеп чыгууда базалык документ болуп саналат, кафедранын учурдагы ишмердүүлүгүндө чечимдерди кабыл алуунун негизги принциптерин аныктайт.

Алгебра жана геометрия кафедрасынын (мындан ары – кафедра) стратегиялык өнүгүү планы (мындан ары – стратегиялык план) Ош мамлекеттик университетинин математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институтунун (мындан ары – институт) келечек өнүгүүсүн түзүүдө төмөнкү документтерге ылайык түзүлгөн:

- 2023-жылдын 11-августундагы Кыргыз Республикасынын №179 "Билим берүү тууралуу" мыйзамы;
- 2023-жылдын 4-августундагы Кыргыз Республикасынын №157 "Жаштар тууралуу" мыйзамы;
- 2021-жылдын 4-майындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №200 токтому "Кыргыз Республикасында билим берүү системасын 2021-2040-жылдарга чейин өнүктүрүү программасын бекитүү";
- Болон декларациясынын принциптери;
- ОшМУ жана МФТИТ институтунун 2024-2029-жылдарга карата өнүгүү концепциясы.

**2. Кафедранын миссиясы, максаттары, милдеттери жана өнүгүү принциптери**

2.1. Кафедранын миссиясы – илимдердин, инновациялардын жана технологиялардын жетишкендиктерине негизделген, атаандаштыкка жөндөмдүү билим берүү жана илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, ошондой эле кафедраны институттун башкы структуралык бөлүмү катары анын тарыхый түпкү тамырлары жана кадрларды даярдоодогу орнотулган салттары менен сактап калуу жана өнүктүрүү.

2.2. Кафедранын максаты – заманбап колдонмо математика жана компьютердик маалыматтык технологиялар методдорун тең даражада өздөштүргөн жогорку квалификациялуу математиктерди даярдоо, ошондой эле республиканын инновациялык өнүгүүсүнө салым кошуучу илимий-изилдөөнү камсыз кылуу.

2.3. Кафедранын өнүгүүсүнүн милдеттери:

- 510100-математика билим берүү программасында лицензияда көрсөтүлгөн контингентти нормалдуу окуу мөөнөтүнүн узактыгына бөлгөндөгү сандан кем эмес кабыл алуу, башкача айтканда, бакалавриат үчүн ¼ , магистратура үчүн ½ ден кем эмес;
- Жүзөгө ашырылып жаткан билим берүү программаларынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу;
- Билим берүү программаларын аккредитациялоо процессине катышуу, аккредитациядан өтүү үчүн керектүү документтерди топтоо жана даярдоо (5 жылга);
- Билим берүү стандарттарындагы жана жаңы окутуу ыкмаларындагы өзгөртүүлөрдү эске алып, студенттер үчүн окуу планын жана программаларын иштеп чыгуу жана жаңылоо;
- Кафедранын окуу, окуу-методикалык, окуу-тарбиялык, окуу-илимий ишмердүүлүгүн оптималдаштыруу;
- Окутуучулар жана студенттер үчүн методикалык материалдар менен камсыздоо (окуу китептери, усулдук көрсөтмөлөр, тапшырмалар, методикалык көрсөтмөлөр);
- Студенттердин муктаждыктарына ылайык, заманбап билим берүү технологияларын колдонуу менен сабактарды жогорку деңгээлде уюштуруу;

- Окуу процесстеринин координациясы: билим берүү программаларын аткарууну уюштуруу жана көзөмөлдөө, экзамендерде, квалификациялык иштерди коргоодо, магистратура жана PhD диссертацияларын коргоодо катышуу;

- Илимий иштерди уюштуруу, математика жана билим берүү чөйрөсүндө изилдөөлөрдү жүргүзүү, окутуучулардын публикациялык активдүүлүгүн жогорулатуу, конференцияларды уюштуруу жана катышуу;

- Илимий жана билим берүү долбоорлоруна жана гранттарына катышуу;

- Студенттик илимий коомдордун активдүүлүгүн жогорулатуу;

- Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу;

- Студенттердин институттун жана университеттин ички турмушуна катышуусун камсыздоо;

- Окутуучулардын студенттер менен сабактан тышкаркы иштерге тартылышын камсыз кылуу;

- Студенттердин жалпы жана сапаттуу окуусун жогорулатуу;

- Тарбиялык сааттарды өтүү менен студенттерде патриотизмди, ата-мекенге сүйүү, өз университетине, мамлекеттик символдорго урмат көрсөтүү, элдик салттарды сыйлоо деңгээлин жогорулатуу;

- Кафедранын окутуучуларынан илимдин кандидаттарын жана докторлорун даярдоо;

- Кафедранын башка структуралык бөлүмдөрү менен биргелешип, өз ара дисциплиналык курстарды жана долбоорлорду ишке ашыруу;

- Окуу жана илимий процесс үчүн чет өлкөлүк профессорлорду тартуу;

- Студенттердин жана профессордук-окутуучулук курамдын университеттердин өнөктөштөрү менен кызматташтыгын жана мобилдүүлүгүн жогорулатуу;

- Кафедранын ПО курамынын сапаттык көрсөткүчүн 40% дан жогору кармоо;

- Кафедранын ПО курамынын «Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингин жүргүзүү жөнүндө жобого" ылайык жүргүзүлгөн антирейтингдеги көрсөткүчүн 0% да кармоо;

2.4. Өнүгүү принциптери:
- Практикалык багыттама;
- Жеке инсанга багытталган ыкма;
- Кафедра – окутуучу – студент интеграциясы;
- Дүйнөлүк академиялык мейкиндикке интеграция.

**3. Кафедранын стратегиялык өнүгүү планы**

| № | Иштин мазмуну | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуулар | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|
| | | **3.1. Окуу-методикалык иштер** | | |
| 1 | Жүзөгө ашырылып жаткан билим берүү программаларынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу | - Окутуучулар үчүн тренингдер, мастер-класстар жана курстар аркылуу жаңы билим берүү методикаларын үйрөнүү, билим берүү программаларынын сапатын көтөрөт.<br>- Окутуучулар өз ара тажрыйба алмашып, өз дисциплинасы боюнча илимий изилдөөлөрдү жигердүү жүргүзүшөт. | Кафедранын бардык мүчөлөрү | үзгүлтүксүз |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | Билим берүү стандарттарындагы жана жаңы окутуу ыкмаларындагы өзгөртүүлөрдү эске алып, студенттер үчүн окуу планын жана программаларын иштеп чыгуу жана жаңылоо | Окуу пландарын жана программаларын кайра карап чыгышат. Мазмундук жактан талапка ылайык өзгөртүүлөр киргизилет | Кафедра башчысы, кафедра мүчөлөрү | 2025-2026-о.ж. |
| 3 | Окутуучуларды жана студенттерди методикалык материалдар менен камсыздоо (окуу китептери, усулдук көрсөтмөлөр, тапшырмалар, методикалык көрсөтмөлөр) | Ар бир предмет боюнча зарыл болгон, дүйнөлүк алдыңкы методикалык тажрыйбалар чагылдырылган окуу китептерин институттун китепканасына алдыруу жана окуу каражаттарын иштеп чыгуу | Кафедра башчысы, Кафедра мүчөлөрү | үзгүлтүксүз |
| 4 | Студенттердин муктаждыктарына ылайык, заманбап билим берүү технологияларын колдонуу менен сабактарды жогорку деңгээлде уюштуруу | Кафедра мүчөлөрү заманбап технологиялар, билим берүү платформалары менен иштөө максатында атайын даярдыктан квартал сайын өткөрүлөт жана ачык сабактар коюлат | Кафедра мүчөлөрү | үзгүлтүксүз |
| 5 | Кафедранын негизги дисциплиналары боюнча 21-кылымдын талаптарына ылайык окуу китептерин жана колдонмолорду (кыргыз тилинде) даярдап, басмадан чыгаруу | Окуу китептери жана колдонмолору кыргыз тилинде даярдалат, басмадан чыгарылат | Кафедра башчысы, предметниктер | үзгүлтүксүз |
| 6 | 510100 - математика бакалавриат, магистратура жана PhD билим берүү деңгээлдери боюнча студенттерди кабыл алууну күчөтүү | 510100 - математика бакалавр, магистратура жана PhD билим берүү деңгээлдери боюнча студенттердин тайпасы түзүлөт | Кафедра башчысы, мүчөлөрү, программа жетекчиси | Абитуриенттерди окууга кабыл алуу кампаниясы учурунда |
| 7 | 510100 - математика бакалавриат, магистратура жана PhD докторантура билим берүү деңгээлдери боюнча билим берүү стандартын өз алдынча иштеп чыгуу | Стандарт иштелип чыгат | Жумушчу топ | 2024-2025 о.ж. |
| 8 | 510100 - математика бакалавриат, магистратура жана PhD докторантура билим берүү деңгээлдери боюнча өз алдынча билим берүү стандартынын | НББП иштелип чыгат | Программа жетекчиси, жумушчу топ | 2025-2026 о.ж. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | негизинде билим берүү программасын (ББП) иштеп чыгуу | | | |
| 9 | 510100 - математика бакалавриат, магистратура жана PhD докторантура билим берүү деңгээлдери боюнча түзүлгөн билим берүү программасын зарылдыкка жараша жаңылап туруу | Ар бир окуу жылына НББП жаңыланып, бекитилет | Программа жетекчиси | Окуу жылынын аягында |
| 10 | Билим берүү сапатын үзгүлтүксүз баалоо жана өркүндөтүү | Студенттердин пикирлерин топтоо үчүн анкеталар, баалоо баракчалары, тесттер иштелип чыгарылат | Кафедра башчысы, предметниктер | Окуу жылынын аягында |
| 11 | 510100-математика билим берүү программасын ишке ашыруучу ЖОЖдор менен кызматташтыкты кеңейтүү: эки дипломдуу билим берүүнү жана ППС менен студенттердин академиялык мобилдүүлүгүн ишке ашыруу. | 510100-математика билим берүү программасын ишке ашыруучу ЖОЖдор менен кызматташтык түзүлөт: эки дипломдуу билим берүүнү жана ППС менен студенттердин академиялык мобилдүүлүгү ишке ашырылат. | Кафедра башчысы, | 2025-26 о.ж |
| 12 | Аккредитациялык агенттик тарабынан 510100-математика магистрдик билим берүү программасына берилген аккредитациялык рекомендацияларды ишке ашыруу жана постаккредитациялык отчет берүү | Аккредитациялык агенттик тарабынан 510100-математика магистрдик билим берүү программасына берилген аккредитациялык рекомендациялар ишке ашырылат жана постаккредитациялык отчет берилет | Программа жетекчиси, жумушчу топ | 2024, 1-семестр |
| 13 | 510100-математика магистрдик билим берүү программасын көз карандысыз аккредитациядан 5 жылдык мөөнөткө өткөрүү | 510100-математика магистрдик билим берүү программасын көз карандысыз аккредитациядан 5 жылдык мөөнөткө өткөрүүлөт | Программа жетекчиси, жумушчу топ | 2025-26 о.ж. |
| 14 | 510100-математика магистрдик билим берүү программасын көз карандысыз аккредитациядан 5 жылдык мөөнөткө өткөрүү | 510100-математика магистрдик билим берүү программасын көз карандысыз аккредитациядан 5 жылдык мөөнөткө өткөрүү ишке ашат | Программа жетекчиси, жумушчу топ | 2028-29 о.ж. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **3.2. Илимий изилдөө иштери** | | | | |
| 1 | Кафедранын профили боюнча илимий изилдөө иштерин жүргүзүүнүн колдонмо маселелерин кароону күчөтүү | Кафедранын профили боюнча илимий изилдөө иштери жүргүзүлөт, колдонмо маселелери каралат | Матиева Г., Борбоева Г., Папиева Т.М. | 2024-2029-о.ж. |
| 2 | Кафедранын илимий деңгээлин жогорулатуу | Жогорку окуу жайлардагы илимий конференцияларга катышуу жана илимий макаларды үзгүлтүксүз жарыялоо | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | 2024-2029-о.ж. |
| 3 | Кафедранын мүчөлөрүнүн жана изденүүчүлөрүнүн изилдөө иштеринин жыйынтыктарын РИНЦ, Scopus, Web of Science системаларына кирген, импакт-фактору нөлдөн жогору басылмалардан жарыкка чыгаруу | Илимий-изилдөө иштердин жыйынтыктары РИНЦ, Scopus, Web of Science системаларында жарыкка чыгарылат | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | 2024-2029-о.ж. |
| 4 | Кафедранын мүчөлөрүнүн илимий-изилдөө багытындагы түрдүү долбоорлорго катышуулары, гранттарды алуулары аркылуу илимий изилдөө иштеринин эффективдүүлүгүн жогорулатуу | Кафедранын профессорлору нун жетектөөсү менен илимий проекттер аткарылат | Матиева Г., кафедранын мүчөлөрү | 2024-2029-о.ж. |
| 5 | Кафедранын күчү менен илимий –практикалык конференция өткөрүү | Профессор Г.Матиеванын 70 жылдыгына карата конференция уюштурулат | Кафедра башчысы, институттун жана кафедранын мүчөлөрү | 2024-2029-о.ж. |
| 6 | Студенттерди илимий-изилдөө иштерине активдүү катыштыруу | Студенттер менен иштер алып барылат, студенттердин конференциясына катыштырылат | Матиева Г., кафедранын мүчөлөрү | 2024-2029-о.ж. |
| 7 | Монографияларды жарыкка чыгаруу | Илимий-изилдөө иштердин жыйынтыгы боюнча монографиялар чыгарылат | Матиева Г., Борбоева Г.М., | Монографияны даярдоого жараша |
| 8 | Жаңы илимий байланыштарды түзүү | Чет өлкөлүк окумуштуулар менен илимий байланыштар түзүлөт | Матиева Г., кафедранын мүчөлөрү | 2024-2029-о.ж. |
| 9 | Илимий ачылыштарга патент жана автордук күбөлүктөрдү алуу | Илимий ачылыштарга жана автордук ойлоп табууларга, окуу китептерге патент жана күбөлүктөр алынат | Матиева Г., Борбоева Г.М., | 2024-2029-о.ж. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 10 | Илимий-изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча кандидаттык жана доктордук иштерди коргоо | Илимий-изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча кандидаттык иштер корголот жана доктордук иштер жакталат. | Кафедра мүчөлөрү | 2024-2029-о.ж. |
| 11 | Кадрдык потенциалды күчөтүү | Кафедранын педагогикалык кадрларынын квалификациясын жогорулатуу. Педагогикалык ишмердүүлүк боюнча тренингдерди жана курстарды уюштуруу | Кафедра башчысы, кафедра мүчөлөрү | 2024-2029-о.ж. |
| 13 | Эл аралык илимий жана академиялык метод алмашууларды активдештирүү | Эл аралык университетер менен кызматташуу, эл аралык конференцияларга катышуу жана чет өлкөлүк мугалимдерден чакырып конок лекцияларды уюштуруу | Кафедра башчысы, кафедра мүчөлөрү | 2024-2029-о.ж. |
| | | **3.3. Тарбиялык иштер** | | |
| 1 | Жаштарды руханий жактан өстүрүү багытында иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү | Ар бир окуу жылына иш-чаралар пландаштырылат жана өткөрүлөт | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | үзгүлтүксүз |
| 2 | Башка улуттун өкүлдөрү менен тынчтыкта жана жанаша жашоо жана жаштар арасындагы ынтымакчылык идеясын алдыга үндөгөн иш чараларды пландаштыруу жана ишке ашыруу | Иш-чаралар пландаштырылат жана өткөрүлөт | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | 2024-2029-о.ж. |
| 3 | Кафедранын, институттун жана ОшМУнун деңгээлинде патриоттуулукка байланыштуу иш-чараларды пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу | Иш-чаралар пландаштырылат жана жүзөгө ашырылат | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | 2024-2029-о.ж. |
| 4 | ММК аркылуу жаштар проблемалары боюнча ой-пикирлерди, сунуштарды билдирип туруу (макала, интервью, ж.б.) | ММКларга макала чыгарылат, интервьюлар берилет | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | 2024-2029-о.ж. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **3.4. Коомдук иштер** | | |
| 1 | Билим берүү системасынын мекемелерине жардам көрсөтүү а) ОМБӨИ (сабак өтүп берүү, усулдук жардам көрсөтүү) б) Окутуунун жаңы технологияларын үйрөтүү максатында мектеп мугалимдерине семинарларды өткөрүү | Сабар өтүлөт, семинар-тренингдер өткөрүлөт | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | үзгүлтүксү з |
| 2 | Кафедранын мектептер менен байланышын күчөтүү жана жаңы байланыштарды түзүү, аларга ар тараптуу жардам көрсөтүү | Мектептер менен байланыш түзүлөт, келишимдер түзүлөт | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | 2024-2029-о.ж. |
| 3 | Кесиптик багыт берүү максатындагы иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү | Иш-чаралар пландаштырылат жана жүзөгө ашырылат | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | 2024-2029-о.ж. |
| | | **3.5. Кафедра мүчөлөрүнүн квалификациясын жогорулатуу** | | |
| 1 | Ар бир окутуучунун өз квалификациясын жогорулатуусунун үстүндө эффективдүү иштөөсүнө өбөлгө түзүү, көмөк көрсөтүү | Кафедранын бардык мүчөлөрү квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүшөт | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | үзгүлтүксү з |
| 2 | Кафедра мүчөлөрүнүн билим берүү багытындагы түрдүү проекттерге катыштыруу | Кафедранын мүчөлөрү билим берүү проекттерге катышышат | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | 2024-2029-о.ж. |
| 3 | Билим берүүнүн проблемаларына байланыштуу өткөрүлүүчү түрдүү деңгээлдеги конференцияларга, семинарларга тренингдерге кафедра мүчөлөрүн катыштырууга шарт түзүү | Кафедра мүчөлөрүнө конференция, семинар, тренингдерге катышуусуна шарт түзүлөт (консультация берилет, сабактары бар болсо алмаштырылат) | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | 2024-2029-о.ж. |
| | | **3.6. Окуу процессиндеги, билим берүүдөгү инновациялар** | | |
| 1 | Дүйнөнү алдыңкы ЖОЖдорунун программаларынын үлгүсүндө жаңы, эксперименталдык билим берүү программаларын ишке ашырууга катышуу, эл аралык стандарттарга ылайык билим берүүнүн мазмунун жакшыртуу | Жаңыланган окуу пландарын жана программаларын түзүүгө катышуу, ишке ашыруу | Матиева Г., Папиева Т.М., Борбоева Г.М., Селиванова Н.С. | 2025-2029-о.ж. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | Жаңы муундагы окуулуктарды жана окуу-колдонмолорун иштеп чыгуу жана модернизациялоо | Жаңы окуулуктар жана окуу-колдонмолор басмадан чыгарылат | Кафедра мүчөлөрү | 2024-2029-о.ж. |
| 3 | Электрондук окуу материалдарын иштеп чыгуу | Кафедранын дисциплиналары боюнча электронду окуу материалдары иштелип чыгылат | Кафедра мүчөлөрү | 2024-2029-о.ж. |
| 4 | 510100 Математика бакалавриат жана магистрдик программаларынын студенттерин мобилдүүлүгүн колго алуу | Студенттерди жана магистранттарды мобилдүүлүккө катыштыруу | Кафедра мүчөлөрү | 2024-2029-о.ж. |
| | **3.7. Материалдык-техникалык базаны чыңдоо** | | | |
| 1 | Кафедра үчүн кошумча иш бөлмөсүн бөлдүртүп алуу | 510100 Математика бакалавр багыты үчүн бир бөлмө жабдылат | Кафедра башчысы | 2025-2029-о.ж. |
| 2 | Кафедранын электрондук китепканасынын веб-сайтын түзүү | Кафедранын окуу дисциплиналарына тиешелүү окулуктардан турган атайын сайт түзүлөт | Кафедра башчысы, лаборант | 2028-2029-о.ж. |
| 3 | Кафедраны заманбап техникалык каражаттар менен жабдуу (проектор, түстүү принтер, электрондук доска ж.б.) | Кафедранын автотрестте сабак өткөн окутуучулары үчүн проектор, электрондук доска жана кафедрага түстүү принтер алынат | Кафедра башчысы, кафедранын мүчөлөрү | 2025-2029-о.ж. |

Кафедра башчысы: Борбоева Г.М.